2022-жылдын 18-майында БатМУ КТЭУИнин ОКББ бөлүмүндө "Кыргыздын XX кылымдагы чыгаан жазуучусу жана коомдук ишмери, Кыргыз Эл баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгы" салтанаттуу белгиленди.

Салтанаттуу иш-чараны БатМУ КТЭУИнин директорунун орун басары Шамши уулу Сражидин ачып, алп жазуучунун өмүр жолуна жана чыгармачылыгына токтолуп, келечек муун мындай залкарларды дайыма эстеп жүрүүбүз парз экендигин баса белгиледи.

БатМУ КТЭУИнин ОКБББдо Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата адабий кече ГД кафедрасынын окутуучусу Буукатча Бөрүбаева тарабынан уюштурулуп, жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Иш-чаранын жүрүшүндө жазуучунун чыгармалары жана өмүр жолу боюнча доклад жасалып, аларды чагылдырган дубал газеталар конкурсу болуп, комиссиянын чечими менен ТОиРАТ-9-21 тайпасы 1-орунду ээледи.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1067445477315091/?sfnsn=mo

**Кыргыз Эл Баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун юбилейине карата китеп көргөзмөсү**

Кыргыз Эл Баатыры, жазуучу, романист Т.Сыдыкбеков 1912-жылы жарыкка келген. Жазуучунун быйыл 110 жылдык маарекеси белгиленүүдө.
2022-жылдын 18-майында БатМУ КГПИде жазуучунун чыгармалары, өмүр жолунан чагылдырган көргөзмө болуп өттү. Окуу жайдын китепканачылары тарабынан уюштурулган иш-чарага кыргыз тили жана адабияты окутуучулары, профилдин студенттери катышты. Т.Сыдыкбековдун калемине таандык көркөм туундулар менен таанышып, анын чыгармаларындагы идеяларды, турмуштагы жөпжөнөкөй каармандарды талдоо менен көргөзмө жандуу өттү.
Жазуучунун элине калтырган баалуу мурастары түбөлүк жашай берет.

https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1067742983952007/?sfnsn=mo

**Кыргыз Эл Баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдык маарекеси белгиленди**

Кыргыз профессионал жазма адабиятынын пайдубалын түптөөчүлөрдү сап башында Т.Сыдыкбеков турат. Ал чыгармачылык жолунда ондогон романдарды жазып, романист деген наамга ээ болду. Бул жылы жазуучунун туулгандыгына 110 жыл толот.

Жазуучунун юбилейи БатМУ КГПИде зор салтанат менен белгиленди.
Адабий-музыкалык иш-чара уюштурулуп, окуу жайдын жетекчилиги тарабынан бул маарекени өткөрүүгө өзгөчө көңүл бурулду.
Иш-чарада кыргыз тили жана тарых кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы жазуучунун бейнесине сүртүмдөрдү келтирип, доклад окушту. Кыргыз тили жана адабияты профилинин студенттери жазган

дилбаяндарын окушуп, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» аттуу романынын негизинде сахналаштырылган инценировканы аткарышты.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1067945797265059/?sfnsn=mo

**ЧАЧЫКЕЙДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КЕЧЕСИ ӨТТҮ**

2022-жылдын 19-майында, Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунда 28-май окуу жайдын түзүлгөн күнүнө карата табигый илимдер жана дене тарбия факультетинин информатика профилинин 4-курсунун студенти КРнын Президентинин «ҮМҮТ» стипендиясынын ээси, «Жылдын мыкты студенти - 2020-2021» сынактарынын жеңүүчүсү, Лондондогу Чыңгыз Айтматов академиясынын кыргызстандагы «Poet's corner» клубунун мүчөсү, КРнын эл акыны Эгемберди Эрматов атындагы коомдук фондунун төш белгисинин ээси, Республикалык адабий фестивалдардын жана илимий-практикалык конференциялардын жигердүү катышуучусу Мурзабек кызы Чачыкейдин «КЕЧИКПЕ» аттуу алгачкы поэзиялык кечеси болуп өттү.

Иш-чарага КРнын жазуучулар союзунун мүчөлөрү, профессордук-окутуучулар жамааты, поэзияга кызыккан студенттер, мектеп окуучулары жана Чачыкейдин жакын инсандары катышты.

Кече КГПИнин директору ф.м.и.к. профессор А.Ж. Кошуевтин куттуктоо сөзү менен ачылып, Чачыкей Мурзабек кызынын өмүр жолу чагылдырылган видеоролик менен башталды.

Андан кийин Чачыкей Мурзабек кызынын залкарлар, ата-эне, устат, сүйүү, достук, мекен, заман тууралуу ырлары КГПИнин таланттуу студенттери тарабынан көркөм окулуп, ошол эле мезгилде сахналаштырылып көрсөтүлдү.

Иш-чарага активдүү катышкан студенттерге жана окуучуларга ыраазычылык каттар тапшырылды.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1068344757225163/?sfnsn=mo

БатМУ КГПИде алп жазуучунун адамдык тагдыры жана чыгармачылык жолу студенттердин дубал гезиттеринде чагылдырылды.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1070038327055806/?sfnsn=mo

**“Ачык асман алдындагы көөнөрбөс мурастар”** Баткен шаарындагы саймалуу таштарга саякат уюштурулду.

БатМУда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча түзүлгөн иш-чаралардын планына ылайык, 2022-жылдын 29-майында академик С.Ж.Мусаев, БатМУнун Мамлекеттик тил боюнча проректору, ф.и.к. А.Ш.Мурзалиева, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана медиа бөлүмүнүн башчысы Ж.О.Саттаров жана БатМУ КТКнын окутуучусу, ф.и.к Б.А.Гайыповалар Кара-Эгиззе тоосундагы Саймалуу таштарга саякат жасашты.

Академик С.Ж.Мусаев мындай жазуулар кыргыз эли дүйнө жүзүндөгү эң байыркы элдерден экендигине далил болуу менен Кыргызстан анын ичинде Баткен чөлкөмү аталышынан тартып, тили, үрп-адаты, каада-салты, тарыхы терең изилдөөгө муктаж аймак экендигин белгиледи.
Кара-Эгиззе тоосу Баткен шаарындагы Кызыл-Жол кварталында жайгашкан. Анда б.з.ч. 2-кылымга таандык 2000ден ашуун петроглифтер 2018-жылы БатМУнун окутуучулары жана студенттери тарабынан табылып, ошол эле жылы КРнын Президенти акча каражатын бөлүнүп берүү менен айланасы тосулуп, корукка алынган.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1075141676545471/?sfnsn=mo

**Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата иш-чаралар уюштурулду.**

2022-жылдын 30-майында Баткен мамлекеттик университетинде Кыргызстандын XX кылымдагы чыгаан жазуучусу жана коомдук ишмери, КРнын Баатыры Т.Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата бир катар иш-чаралар болуп өттү.

Алгач БатМУнун окуу-түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан даярдалган көргөзмө уюштурулуп, андан соң БатМУнун жыйындар залында “Инсандын адеп-ахлактык жактан өнүгүүсү – коомдун оңолуусу” аттуу илимий-практикалык конференция башталды.

Конференцияны БатМУнун ректору, э.и.д., профессор А.Т.Гыязов ачып, Т.Сыдыкбековдун кыргыз адабиятына кошкон салымына токтолуу менен бүгүнкү иш-чараларга академик, С.Ж.Мусаевдин катышып жаткандыгы окуу жайдагы жаш илим изилдөөчүлөр үчүн зор мүмкүнчүлүк болгонун белгиледи. Конференцияда БатМУнун тилчи окумуштуулары тарабынан бир катар баяндамалар жасалды.

Мындан сырткары БатМУнун окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү таланттуу студенттер Т.Сыдыкбековдун чыгармаларынан сахналык көрүнүштөрдү аткарышты.

Ошондой эле “Сөз корунун байышына, тил маданиятынын калыптанышына өнөктөш бол!” деген темадагы конок лекция уюштурулуп, конок лектор КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, академик С.Ж.Мусаев болду. Лекциянын катышуучулары пайдалуу жана маанилүү маалыматтарга ээ болуу менен академик С.Ж.Мусаевге терең ыраазычылыктарын билдирди.
https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1075158803210425/?sfnsn=mo

**ТУУРА КЕСИП – КЕЛЕЧЕК КЕПИЛДИГИ**

2022-жылдын 1-июнунда Баткен шаарындагы Апаз Жайнаков атындагы музыкалык драма театрында КРнын Билим берүү жана илим министрлиги жана КРнын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн уюштурулган “ТУУРА КЕСИП – КЕЛЕЧЕК КЕПИЛДИГИ” аттуу форуму болуп өттү.

Форумда БатМУнун Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана окуу-түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан көргөзмө уюштурулуп, бүтүрүүчү класстардын окуучуларына окутуучулар тарабынан БатМУнун материалдык-техникалык базасы, андагы студенттердин бишим алуусу үчүн түзүлгөн шаттар, адистиктер боюнча маалыматтар берилип, Кесипке багыт берүү жана кабыл алуу бөлүмүнүн адистери атайын даярдалган китепчелерди таратты.

Бул форумдун уюштурулушу мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн кесипти туура тандоого жол көрсөтүп, жогорку окуу жайлар менен мектептердин ортосундагы байланышты чыңдаган маанилүү иш-чара болду https://www.facebook.com/367709757288670/posts/1076304066429232/?sfnsn=mo